7) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин жана Федералдык сот приставдар кызматынын (Россия Федерациясы) ортосунда ведомство аралык кызматташуунун ар кандай аспектилери боюнча түздөн-түз консультацияларды ишке ашыруу.

II. Берилген Меморандумду аткарууга байланышкан чыгымдарды Тараптар өз алдынча көтөрөт, эгерде ар бир конкреттүү учурда башкача макулдашуу болбосо.

III. Берилген Меморандумду ишке ашыруу боюнча Тараптардын ишмердүүлүгүн координациялоого жана мониторинг кылууга жоопкерчиликтүү болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин эл аралык кызматташтык жана гендердик саясат бөлүмү;


- Федералдык сот приставдар кызматы (Россия Федерациясы) тарабынан - Федералдык сот приставдар кызматынын (Россия Федерациясы) Укуктук башкармалыгы.

IV. Берилген Меморандумда каралган максаттарды ишке ашыруу үчүн кат алышуу түздөн-түз Тараптардын ортосунда ишке ашырылат.

V. Берилген Меморандум кол коюлган күндөн тартып Тараптардын бири, экинчи тарапты меморандумду колдонууну токтотуу тууралуу жазуу түрүндө билдиргенге чейин колдонулат. Мындай учурда берилген Меморандумду колдонуу экинчи Тараптан көрсөтүлгөн билдирүүнү алгандан тартып 30 күндөн кийин токтотулат.

VI. Берилген Меморандум эл аралык келишим болуп саналбайт жана эл аралык укуктар менен жөнгө салынуучу укуктарды жана милдеттерди түзбөйт.

2025-жылдын 20-майында Санкт-Петербург шаарында эки нускада, ар бири кыргыз жана орус тилдеринде.

| Кыргыз Республикасынын<br>Жогорку сотуна караштуу<br>Сот департаменти үчүн | Федералдык сот приставдар<br>кызматы үчүн<br>(Россия Федерациясы) |
| --- | --- |
|  |  |
| Кыргыз Республикасынын Жогорку<br>сотуна караштуу Сот департаментинин<br>Директорунун орун басары – Кыргыз<br>Республикасынын<br>башкы сот приставы | Федералдык сот приставдар<br>кызматынын Директору -<br>Россия Федерациясынын<br>башкы сот приставы |
| Рыскулова Дж.Дж. | Аристов Д.В. |